# Бишкек шаарындагы Свердлов районуна караштуу №87 жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин бир жыл бою жүргүзүлгөн иштеринин отчёту

**2021-2022-окуу жылы**

**УБ жетекчиси: Урматова А.Д**

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаарындагы №87 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде 2021-2022-окуу жылынын бир жыл бою аткарылган иштер боюнча маалымдама**

2021-2022-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты сабагынан календардык тематикалык программа усулдук бирикмеде талкууланып, план программа түзүлүп, УБ жетекчиси жана мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилип берилди. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмедесинде 8 мугалим эмгектенет.

№87 орто мектебинде 2021-жылдын август кеңешмесинде мамлекеттик тилдин 32 жылдыгын өткөрүү жана уюштуруу боюнча иш план түзүлдү. Мамлекеттик тилге карата атайын көрсөтмө бурч уюшулуп, " Кыргыз тили-Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили" деген темада класстык сааттар өтүлдү. Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата 9-класстарда ачык сабактар өтүлдү."Мекеним менин Кыргызстан" деген темада 5-6-класстарда сүрөт сынагы өткөрүлдү. Ошондой эле 8-класстар арасында "Эне тилим-эне сүтүм" деген темада жаш таланттар кароо сынагы болуп өттү.

Октябрь айында башталгыч класстан ортоңку класстарга көтөрүлгөндө окуучулардын билим деңгээлин бир калыпка салуу максатында 5-класстардагы улантмалуулук боюнча билим сапаты текшерилип, кыргыз тили сабагынан жат жазуу жана тест алынып, кыргыз адабияты сабагынан окуу көндүмдөрү текшерилди. Жыйынтыгы чыгарылып, педогогикалык кецешмеде талкууланды.

Ноябрь айында "Китеп – билим булагы" деген темада уюшулган райондук кароо-сынак адегенде мектеп ичинде өткөрүлүп 6-7-класстар дил баян жазышып төмөнкү окуучулар жеңишке жетишти. 1-орун Төлөгөнов Байтур 6-А класс. 2-орун Абдиллаева Амина 6-Г класс, 3-орун Мурзабекова Тахмина 6-Г класс. Ал эми 7-класстардан 1-орун Абдыкаримова Айчолпон 7-А класс, 2-орун Дүйшөналиева Эркайым 7-Е класс, 3-орун Жумабекова Сабина 7-Д класс. Ошондой эле 8-9-10-класстын окуучулары берилген тапшырманын негизинде бир айга чукул даярданышып төмөнкү окуучулар райондук сынакка катышып келишти. Алар: Эсенгулова Альбина 8-А класс, Турсунбек кызы Назиля 8-А класс, Маматкалыкова Назбийке 8-В класс, Жээнбекова Зарина 9-Д класс, Жунусбек к Кундузай 10-А класс, Турдалиева Чолпон 10-Б класс.

"Китеп билим булагы" деген темада уюшулган райондук кароо-сынакта 6-А классынын окуучусу Төлөгөнов Байтур 3-орунга ээ болду. Ноябрь айында мектеп ичинде кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декадасы болуп өттү. Усулдук бирикмеде сегиз мугалим эмгектенет. Декада учурунда мугалимдер чыгармачылык менен, интерактивдүү досканын жардамы аркылуу ачык сабактарын ийгиликтүү өтүштү.

Сканировано с CamScanner

Окуучулардын кызыгууларын арттыруу максатында “Жаш акындар”, “Эң мыкты сүрөтчү”, “Эң мыкты дилбаян”, “Эң мыкты манасчы” жана башка конкурстар уюштурулуп, жыйынтыгында сыйлыктар тапшырылды. Декаданын жыйынтыгында улуу жазуучу, адабияттын алпы аталган Ч. Айтматовдун: “Манас кыргыз рухунун туу чокусу” деген темада жыйынтыктоо кечеси болуп өттү. Айкөл Манас тууралуу, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов тууралуу асыл ойлор айтылып, окуучулар чыгармаларыдан үзүндү аткарып беришти.
4-декабрь “Манас” күнүнө карата 8-класстардын арасында:

1.Саламдашуу
2.Манас бөлүмү боюнча суроолор
3.Күтүлбөгөн суроолор
ушул үч бөлүмдөн турган “Манас таануу” интеллектуалдык таймаш болуп өттү. Таймашта төрт топтон турган 8-класстын окуучулары “Манас” эпосу боюнча өз билимдерин ийгиликтүү көрсөтө алышты.

12-декабрь адабият күнүнө карата дилбаян, сүрөт, көркөм окуу кароо-сынактар уюшулуп, 1-11-класстарда класстык сааттар өткөрүлдү.

ноябрь айында мектеп ичинде окуучуларды предметтик олимпиадага даярдоо болуп, декабрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча олимпиаданын суроолору

5 бөлүктөн турду.

1. Текст менен иштөө

2. Сүйлөмдөрдү толуктоо

3. Грамматикалык тапшырмалар

4. Окшоштуктар

5. Берилген сөздөрдун маанилерин табуу

Олимпиадага 9-10-11-класстардын окуучулары катышты. 1-орунга 57 балл менен 11-класстын окуучусу Жээнбекова, 2-орунга 53 балл менен 10-класстын окуучусу Турдалиева Чолпон , 3-орунга 52 балл менен 10-класстын окуучусу Жунусбек кызы Кундузай чыгышты. Бул окуучулар райондук олимпиадага катышууга жолдомо алышып, райондук олимпиадага даярданууга тапшырмалар берилди.

Коомдук ишмер аталган Жусуп Абдрахманов – улут лидеринин кыргыз элине кошкон салымын кимдер гана билбейт. Улуу инсандын ишмердүүлүгүн даңктаган дилбаян, эсселер жазылып, класстык сааттар өтүлүп, атайын бурчтар уюшулду. Окуучулар коомдук ишмер Ж.Абдрахманов тууралуу кеңири маалымат алуу максатында Ата-Бейитеке барып келишти.

Сканировано с CamScanner

Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча мектепте таланттуу балдар ийримин Турунтаева Калбү жетектейт. Мугалим бул ийримдин планын түзүп окуучуларга ар тараптуу тапшырма берип, окуучуларды сабакка кызыктырууда жана айрым окуучулар менен изилдөө долбоорлор менен иштешүүдө.

2021-2022-окуу жылынын 1-чейрегинде окуучулардын кол жазмалары менен иштешүү бир топ кыйынчылыктарды жаратты, окуучулардын коллиграфиясы начарлап кеткендиги байкалган. Себеби онлайн окутуудан кийин окуучулардын кол жазмаларын оңдоо жана кат-сабатын жоюу бир аз оор болду. Чейректик жазуу иштери алынып, окуучулардын билим сапаты чыгарылды (класстардын билим сапаты боюнча жыйынтык чыгарылып, тиркелди).

Чейректин аягында 1-жарым жылдыкта кыргыз тили жана адабияты сабагынан жазуу иштеринин норматив боюнча алынышы текшерилип, кыргыз тили жана адабияты сабагынан 2-чейрегинин жыйынтыгы чыгарылды.

2021-2022-окуу жылынын январь айында план программанын аткарылышын тактап, календардык пландарга мөөнөттөрдүн туура, так коюлушу каралып, тактaлды. Усулдук бирикмеде жазуу иштеринин дептерлери текшерилип толукталды. Ошондой эле окуу кабинеттеринин дидактикалык материалдар менен жабдылышы көзөмөлдөндү. "Интерактивдүү методдор аркылуу көркөм чыгармаларды окутуу" деген темада доклад даярдаярдалып, усулдук бирикменин мүчөлөрүнө окутулду.

Ал эми февраль айында болсо, 21-февраль - Эл аралык эне тил күнүнө карата өткөрүлүүчү иш-чаранын планы түзүлүп, класстар боюнча тапшырмалар берилип, усулдук бирикменин мүчөлөрү тарабынан аткарылды. Ошондой эле класстык сааттар өткөрүлдү.

Март айында тарыхчылар менен биргеликте мамлекеттик туунун 30 жылдыгына жана 5-март ак калпак күнүнө карата видеоролик даярдалып көрсөтүлдү жана класстык сааттар өтүлдү. Ошондой эле усулдук бирикменин мүчөлөрүнүн жетекчилиги астында даярдалган "Ак калпак кийген Ата Журт" деген темада чакан концерт болуп өттү. Ал эми 11-в класстын окуучулары тарабынан даярдалган "Нооруз – жаңы күн" деген темада мыкты концерт беришип, кыргыздын каада-салттарынан үзүндү даярдашып, өздөрүнүн артисттик жөндөмдөрүн көрсөтүп бере алышты. Ошондой эле 1-11-класстарга чейин класстык сааттар өтүлдү.

Ушул эле жылдын апрель айында 9-11-класстарда машыгуу экзамени жүргүзүлдү. 9-класстар дилбаяндын элементтерин камтыган баяндама, ал эми 11-класстар эссе жазышып, жыйынтыгы чыгарылды. Анда "2" алган окуучулардын ата-энелери чакырылып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Сканировано с CamScanner

Окуу жылынын акыркы айларынын бири май айынан баштап 9-11-класстарга кыргыз тили жана адбияты сабагынан консультация өтүлүп, экзаменге даярдык көрүлүп жатты. Ошондой эле сынак өтүлчү класстарга экзамендик бурчтар даярдалды. Жазуучу, романист Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгына карата жазуу жумуштары алынды.

5-11-класстарынын кырыгыз тили жана адабияты сабагы боюнча билим сапаттары чыгарылып тиркелди.

Июнь айынын 11де жана 14дө 9-11-класстарда мамлекеттик сынактар болуп өттү. Сынактар өз убагында башталып, өз убагында аяктады. Сынак учурунда эч кандай тартип бузуулар болгон жок. Жазуу жумуштары текшерилип, протоколдор толтурулду.

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаарындагы №87 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы 5-11-класстарынын кыргыз тили сабагынан жылдык жыйынтыгы**

| класс | Окуучунун саны | "5" | "4" | "3" | "2" | а/э | б/с | жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-а | 39 | 17 | 9 | 13 | | | 66% | 100% |
| 5-б | 39 | 11 | 14 | 14 | | | 64% | 100% |
| 5-в | 39 | 11 | 12 | 16 | | | 58% | 100% |
| 5-г | 39 | 8 | 20 | 11 | | | 71% | 100% |
| 5-д | 39 | 11 | 13 | 15 | | | 61% | 100% |
| 5-е | 39 | 1 | 18 | 20 | | | 48% | 100% |
| 5-ж | 39 | 2 | 22 | 15 | | | 61% | 100% |
| **жалпы** | **273** | **61** | **108** | **104** | | | **61%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 6-а | 36 | 7 | 13 | 16 | | | 56% | 100% |
| 6-б | 34 | 2 | 17 | 15 | | | 55% | 100% |
| 6-в | 35 | 5 | 12 | 18 | | | 48% | 100% |
| 6-г | 35 | 14 | 9 | 12 | | | 65% | 100% |
| 6-д | 35 | 6 | 13 | 16 | | | 54% | 100% |
| 6-ж | 36 | 4 | 19 | 13 | | | 63% | 100% |
| 6-е | 33 | 2 | 9 | 22 | | | 33% | 100% |
| **жалпы** | **244** | **40** | **92** | **112** | | | **54%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 7-а | 36 | 9 | 13 | 14 | | | 61% | 100% |
| 7-б | 36 | 3 | 14 | 19 | | | 47% | 100% |
| 7-в | 35 | 3 | 12 | 20 | | | 42% | 100% |
| 7-г | 36 | 2 | 8 | 26 | | | 27% | 100% |
| 7-д | 34 | 4 | 17 | 13 | | | 61% | 100% |
| 7-е | 33 | 5 | 16 | 12 | | | 64% | 100% |
| 7-ж | 35 | 6 | 16 | 13 | | | 63% | 100% |
| **жалпы** | **245** | **32** | **96** | **117** | | | **52%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 8-а | 37 | 4 | 13 | 20 | | | 46% | 100% |
| 8-б | 37 | 10 | 10 | 17 | | | 51% | 100% |
| 8-в | 38 | 7 | 17 | 14 | | | 63% | 100% |
| 8-г | 36 | 7 | 16 | 13 | | | 63% | 100% |
| 8-д | 36 | 5 | 17 | 14 | | | 61% | 100% |
| 8-е | 36 | 3 | 11 | 22 | | | 39% | 100% |
| **жалпы** | **220** | **36** | **84** | **100** | | | **54%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 9-а | 31 | 7 | 15 | 9 | | | 71% | 100% |
| 9-б | 31 | 7 | 12 | 12 | | | 61% | 100% |
| 9-в | 31 | 3 | 8 | 20 | | | 35% | 100% |
| 9-г | 33 | 4 | 6 | 23 | | | 30% | 100% |
| 9-д | 31 | 3 | 9 | 19 | | | 39% | 100% |
| 9-е | 30 | 3 | 3 | 24 | | | 20% | 100% |
| **жалпы** | **187** | **27** | **53** | **107** | | | **43%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 10-а | 33 | 8 | 12 | 13 | | | 69% | 100% |
| 10-б | 33 | 10 | 17 | 6 | | | 81% | 100% |
| **жалпы** | **66** | **18** | **29** | **19** | | | **71%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 11-а | 24 | 8 | 10 | 6 | | | 75% | 100% |
| 11-б | 24 | 13 | 9 | 2 | | | 91% | 100% |
| 11-в | 25 | 6 | 13 | 6 | | | 76% | 100% |
| **жалпы** | **73** | **27** | **32** | **14** | | | **80%** | **100%** |
| **жалпы** | **1308** | **241** | **494** | **573** | | | **56%** | **100%** |

Сканировано с CamScanner

**Бишкек шаарындагы №87 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы 5-11-класстарынын кыргыз адабияты сабагынан жылдык жыйынтыгы**

| класс | Окуучунун саны | "5" | "4" | "3" | "2" | а/э | б/с | жетишүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5-а | 39 | 16 | 12 | 11 | | | 72% | 100% |
| 5-б | 39 | 9 | 16 | 14 | | | 64% | 100% |
| 5-в | 39 | 7 | 13 | 19 | | | 51% | 100% |
| 5-г | 39 | 10 | 15 | 14 | | | 64% | 100% |
| 5-д | 39 | 8 | 15 | 16 | | | 58% | 100% |
| 5-е | 39 | 1 | 22 | 16 | | | 58% | 100% |
| 5-ж | 39 | 4 | 20 | 15 | | | 61% | 100% |
| **жалпы** | **273** | **55** | **113** | **105** | | | **61%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 6-а | 36 | 9 | 11 | 16 | | | 56% | 100% |
| 6-б | 34 | 5 | 15 | 14 | | | 58% | 100% |
| 6-в | 35 | 6 | 15 | 14 | | | 60% | 100% |
| 6-г | 35 | 17 | 9 | 9 | | | 74% | 100% |
| 6-д | 35 | 6 | 15 | 14 | | | 60% | 100% |
| 6-ж | 36 | 5 | 20 | 11 | | | 69% | 100% |
| 6-е | 33 | 1 | 10 | 22 | | | 33% | 100% |
| **жалпы** | **244** | **49** | **95** | **100** | | | **59%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 7-а | 36 | 10 | 12 | 14 | | | 61% | 100% |
| 7-б | 36 | 7 | 11 | 18 | | | 50% | 100% |
| 7-в | 35 | 5 | 11 | 19 | | | 45% | 100% |
| 7-г | 36 | 2 | 9 | 25 | | | 30% | 100% |
| 7-д | 34 | 8 | 13 | 13 | | | 61% | 100% |
| 7-е | 33 | 5 | 18 | 10 | | | 70% | 100% |
| 7-ж | 35 | 7 | 13 | 15 | | | 57% | 100% |
| **жалпы** | **245** | **44** | **87** | **114** | | | **53%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 8-а | 37 | 4 | 13 | 20 | | | 46% | 100% |
| 8-б | 37 | 9 | 11 | 17 | | | 54% | 100% |
| 8-в | 38 | 8 | 14 | 16 | | | 57% | 100% |
| 8-г | 36 | 7 | 16 | 13 | | | 63% | 100% |
| 8-д | 36 | 7 | 17 | 12 | | | 66% | 100% |
| 8-е | 36 | 5 | 12 | 19 | | | 47% | 100% |
| **жалпы** | **220** | **40** | **83** | **97** | | | **56%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 9-а | 31 | 7 | 15 | 9 | | | 71% | 100% |
| 9-б | 31 | 6 | 16 | 9 | | | 71% | 100% |
| 9-в | 31 | 3 | 8 | 20 | | | 35% | 100% |
| 9-г | 33 | 4 | 6 | 23 | | | 30% | 100% |
| 9-д | 31 | 4 | 8 | 19 | | | 39% | 100% |
| 9-е | 30 | 4 | 3 | 23 | | | 23% | 100% |
| **жалпы** | **187** | **28** | **56** | **103** | | | **45%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 10-а | 33 | 7 | 14 | 12 | | | 63% | 100% |
| 10-б | 33 | 10 | 19 | 4 | | | 87% | 100% |
| **жалпы** | **66** | **17** | **33** | **16** | | | **75%** | **100%** |
| | | | | | | | | |
| 11-а | 24 | 9 | 9 | 6 | | | 75% | 100% |
| 11-б | 24 | 13 | 9 | 2 | | | 91% | 100% |
| 11-в | 25 | 5 | 12 | 8 | | | 68% | 100% |
| **жалпы** | **73** | **27** | **30** | **16** | | | **78%** | **100%** |
| **жалпы** | **1308** | **260** | **497** | **551** | | | **58%** | **100%** |

Сканировано с CamScanner